# ЭЛИНИН ТАГДЫРЫ ҮЧҮН КҮРӨШКӨН



КУДАЙКУЛОВ Гайназар

*1926-жылы туулган. Харьков МамУниверситетинин юридика факультетин бүткөн. Ош шаарында тергөөчү, прокурордун жардамчысы, Араван районунда прокурор, Лейлек районунун аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, И. Раззаков атындагы колхоздун партиялык уюмунун катчысы болуп иштеген.*

Раззак уулу Исхак 1910-жылы 25-октябрда Лейлек районунун Коросон кыштагында шахтердун үй-бүлөсүндө туулган. Раззак уулу Исхак (макаламда анын атын Исак деп эле атадым) 3 жашка эми кирген курагында энеси Жамила көз жумду. Бирок, анын басышы тетик, сүйлөшү даана.

Исак энеси өлгөндөн кийин 5 күн дегенде айылындагы эл Коросон кыштагындагы "Агача-Булактын" күн батыш тарабындагы конушка көчүп барып, катар боз үй тигилип, эл отурукташкан. Исактын атасы шахтага иштегени кеткен. Исак катар тигилген боз үйлөргө бирден шашпай барып, босогодон башын салып карайт. Андан ары бир нече үйдүн эшигин ачып карап жүргөнүн карыя кемпирлер байкап:

"Айланайын Исак, эмнени карап жүрөсүң?" - деп сурашат. Ошондо ал: "Мен энем Жамиланы издеп жүрөм" - деп бардык айылдагы кемпирлерди, келин-кыздарды, кала берсе бүт айылды ыйлатат.

Мында биринчи жолу кайра келбес болуп кеткен энеси Жамиланы издеп элди таң калтырып, үч жашында бир сырын көрсөтөт. Карыялар: "Оо жаратткан, неге ушул жаш наристени зарлатып, энем деп, жүрөгүн эзип издеттиң?" - дешип өкүрүп ыйлашат.

1917-жылдын көктөмүндө Раззак уулу Исак 7 жашта экенинде Коросон кыштагындагы Ак-Эшме деген эшменин алдында ак куму жар болуп төшөлүп жаткан жерге Рахматилла, Нурдин, Зайнидин, Айкын деген жолдоштору менен бирге кумга шаардын коргондорун, дарбазаларын, көчөлөрүн, үйлөрүн, укмуштуудай кылып куруп жаткан болот.

Ошол мезгилде Бай-Кесек, Сибирг-Кесек, Бешкент, Исфара-Чаркуу жана Өрө-Төбө, Кожен, Кысакөзгө белгилүү болгон, эки жолу Мекеге жана Каабага барып зиярат кылып, ажы болуп келген өтө чоң, кадыр-барктуу улама Амир-ажы бир топ урматтуу кишилери менен атчан келе жатышат. Жолдон өтүп бара жатып балдар ойноп жаткан "Ак-Эшмедеги" ак кумга курган шаардын картасын көрүп, аттарынын башын тартып токтотуп, аң-таң калып: "Эмне кылып жатасыңар?" - деп балдардан сурайт. Ошондо башка балдар унчукпай туруп калышат. Ал эми Исак : "Ассалоому алейкум Ажы аба, сиз байкабай турасызбы? Мен шаар куруп жатамын. Мына бул коргону, мына бул дарбазасы, мына бул көчөлөрү, мына бул үйлөрү, мына бул бакалдары ("бакал" деген сөз кант, өрүк, мейиз жана башка нерселерди сата турган дүкөн дегенди билдирет). Мына бул дарыясы", - деп жерде жаткан ак куурайды колуна алып көрсөтүп берет.

Амир-ажынын алдындагы кишилерден бирөө: "Ой, мойнуң үзүлгүр жетим а-ай, шаарды кайдан көрдү экен?" - дейт.

Ал эми Амир-ажы болсо, бир канча убакка чейин унчукпай туруп, кийин бастырып кетет. "Ак-Эшменин" коктусунун кырына чыгып, атынын башын тартып токтотуп, жанындагы урматтуу кишилерге мындай дейт:

"Аким-улукман (Абу-Али-ибн-Синаны ушундай деп аташкан) 7 жашында үйүндө чөк түшүп китеп окуп отуруп, сыртка чыгып кетет. Баласынын аламат китеп окушуна, жүрүш-турушуна назары түшкөн атасы сынап көрүш үчүн бир барак кагазды алып, Аким-улукмандын төшөгүнүн астына коюп, өз жумушун кылган болуп олтура берет.

Баласы Аким-улукман сырттан кайра келип, өз ордуна олтуруп кайра китебин окуй баштайт. Бирок, бир нече минуттан кийин китеп окуганын токтотуп, бир жерди карап, бир үйдүн шыбын карап туруп калат. Ошондо атасы: "Ээ, балам, неге ойлонуп калдың?" - деп сурайт. Анда Аким-улукман: "Кызык, ата, мен сыртка чыгып кайра келгиче, назарымда жер бир аз көтөрүлүп калгандай, же үйдүн шыбы бир аз ылдый болуп калгандай болуп турат", - деп жооп берген экен. Ал Аким-улукмандын ким болорун 7 жашында анык билип аталык назарын салган. Ошонун сыңарындай, - дейт улама Амир-ажы, - аттиң-ай, көрбөй калабыз да, бул бала бир адам болот ко?" - деп назарланган экен.

Мында 7 жашар Исак ошол доордун эң чоң уламасы, Кожент, Самаркан, Бухара, Кокон шаарларын көргөн, ал тургай Турцияны, Грецияны, Сирияны, Иранды, Иракты, Аравияны, Мекке шаарларын көргөн Амир-ажыны таң калтырып, экинчи жолу тубаса сыры бар экендигин көрсөткөн.

Амир-ажы чындыгында Исактын Өзбекстанга Кыргызстанга, Тажикстанга белгилүү болгонун, акылман, даанышман адам болуп өскөнүн көрбөй 1932-жылы ааламдан өтүп кетти.

1918-жылы Фергана өрөөнүндө да Кеңеш өкмөтү жеңип чыгып, Фергана шаарынын этек жагына жайгашкан Кожент шаарында биринчи болуп жетим балдардын үйү ачылган. Мына ошол жетим балдардын үйүнө кыргыздын балдарынан биринчи болуп анын босогосун аттаган Раззак уулу Исак болот. Ошентип, башталгыч билимди Исак Тажикстандын Кожент шаарында алды.

Албетте, Раззак уулу Исак өзү эле жалгыз жетим балдар үйүнө кабыл алынган жок. Аны менен катар бир топ кыргыз балдары Исактан кийин кабыл алынды.

Алардын көпчүлүгү келечектин бактылуу заманын алдын ала көрө алган жок. Кээ бири балдар үйүн таштап качып кетишти. Айрымдарынын тууган сөрөйлөрү: "Сен каапыр болуп кетесиң" - деп алып кетишти.

Раззак уулу Исактын атасынын бир тууган таякеси Саип уулу Молдо-Абдылда да бир топ убакыт өтүп Исакка барып сүйлөшүп: "Сен бул жерде каапыр болуп кетпегин, сени алып кеткени келдим. Айланайын Ысаюкан, жүр, алып кетейин", - деп аракеттенет.

Ошондо Раззак уулу Исак жалгыз таякесин капа кылып койбоюн деп чоң кишидей жооп берет: "Таяке, мына сиз молдосуз. Чоң китептерди окуп, чоң молдо болгонсуз. Мен ошол сиз окуган китептерди четине эми жеттим. Ошол китептердин бардыгын окуп көрүп, молдо болуп, андан кийин сиздин алдыңызга өзүм барамын", - деп он жашка толо элек бала таякесин капа кылбай түшүндүрүп, үчүнчү жолу тубаса сыры бар экендигин көрсөтөт.

Раззак уулу Исак менен бирге Кожент жетим балдар үйүндө тарбия алгандар: "Биз жетим балдар интернатында окуп жүргөндө Исак мугалимдердин, тарбиячылардын айтканын айткандай, окутканын окуткандай толугу менен жүрөгүнө түйүп алчу. Дайым түшүнбөгөнүбүздү Исактан сурап, билип алар элек. Биз тургай чоң балдар да сабак үйрөнүп кетер эле", - деп айтышчу.

Улуу Ата Мекендик согушка байланыштуу Өзбекстанда жетим балдардын саны көбөйүп, шаарларга батпай кетти. Бул мезгилде 1941-1944-жылдарда Раззак уулу Исакты Өзбек ССРинин Эл агартуу комиссары кылып дайындашты. Ошол эле мезгилде 1940-1944-жылдары Өзбек ССРинде Эл Комиссарлар Советинин төрагасынын орун басары болуп иштеген.

1944-жылы Өзбек ССРинин Коммунисттик париясынын пленуму Раззак уулу Исакты Өзбекстандын Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин үгүт-насыят иштери боюнча катчысы жана бюро мүчөсү кылып шайланды.

Раззак уулу Исак бир тууган Кыргыз республикасына келгенден кийин 16 жыл ичинде республиканын экономикасын, айыл чарбасын, дыйканчылыгын, маданиятын жана башка ички пайдаланылбай жаткан чарбаларды жакшыртууга жанын, билимин, тажрыйбасын аябай иштеди.

Согуш мезгилинде начар болгон колхоз-совхоздордун экономикасы чыңалып, дыйканчылыктын жана мал чарбачылыгынын өнүгүшү жакшыртылган.

Исак Раззакович республикада жетекчилик кылган мезгилде Кыргыз республикасы 2 жолу Ленин орденин алууга татыктуу болду.

Исак Раззак уулу өкмөт башчысы болуп иштеп турган мезгилде өндүрүштүн, айыл чарбасынын бардык тармактарында иштеген мыкты атуулдардын эмгеги адилет бааланып, көптөгөн адамдар өкмөтүк жогорку сыйлыктарга, Социалисттик Эмгектин Баатырлары деген наамга татыктуу болушкан.

Ал айрыкча адабияттын, искусствонун орчундуу маселелерине жан дили менен көмөк көрсөтүп, элдин рухуний жан дүйнөсүн өстүрүүнү эң башкы, эң ыйык карызым деп эсептеген. Ар бир жаңы чыккан адабий китептер менен таанышып, театрларда коюлган спектаклдерге үзгүлтүксүз барып турган.

"Манас" эпосу боюнча өткөн талаш-тартыштарда улуттун, элдин кызыкчылыгын көздөп, аны бурмалаган окумуштуу сөрөйлөрдөн "Манасты" адилеттик менен коргоп калууда чоң эмгек сиңирген.

Кадрлар маселеси элдин келечеги экендигин жакшы түшүнгөн адам эле. Эгерде иштин көзүн билген, келечегинен үмүттөнгөн жаштарга көзү түшүп калган болсо, анын кайсы уруудан, кайсы жерден экендигине карабай, мамлекеттик иштерге тартып, билимин жогорулатуу үчүн Москвадагы даярдоо курстарына үзгүлтүксүз жиберип турган. Алардын жашоо-шарттарынын жакшырышына кам көргөн.

Ал ошол эле учурда кыргыз тилинин тагдыры жыл өткөн сайын кыйындай беришин, барып-барып элибиз өз эне тилинде жакшы сүйлөй, жаза албай калышын алдын ала көрүп, эне тилдин тагдыры үчүн күрөш жүргүзгөн. Бардык орус мектептерине кыргыз тилин атайын сабак кылып киргиздирген. Кыргыз тилин өздөштүрүп жаткан башка улуттун өкүлдөрүн колдогон. Улуттук тилдин, улуттук аң-сезимдин калыптанышын мамлекеттик деңгээлге көтөрүүгө көп аракет жасаган. Анын ошол кездеги демилгелери канчалык адилет, канчалык өмүрдүү экендиги бүгүнкү күндө да өзүнүн актуалдуулугун жоготпой келе жатат.

Раззак уулу Исак 1979-жылы 18-мартта Москва шаарында дүйнөдөн кайтты. Анын сөөгү Москвадагы Кунцево кабырстанына коюлду. Анын кабырына ак мрамор таштан эстелик орнотулган. Эстеликтеги сүрөттөн Исактын, ылайым бейиши болгур, көздөрү адамды жадырап-жайнап карап турат.

Кабырдын жанында Лейлектин Төө-Жайлоо жайлоосунан алып барып олтурулгузган эки түп жашыл арча жыты буруксуп, сеңселип өсүүдө. Аны Москвада окуп жүргөн лейлектик бир студент атайын алып барып олтургузган экен. Ошол жигиттин бул жакшылыгына Исактын арбагы сүйүнүп, аны колдоп-желеп жүргөн чыгаар. Кантсе да жаштыгы өткөн жерден алып барылган, ата бабаларынын жыты жыттанган кош арча анын кабырын көрктөнтүп турат.